УДК 811.512.154:37.016
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-163-166

**Маразыков Т.С.**
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
**Маразыков Т.С.**
КНУ имени Жусупа Баласагына
**Marazykov T.S.**
KNU Jusup Balasagyn

ORCID 0009-0005-5252-6164

# ПРОФЕССОР Ж. А. ЧЫМАНОВДУН КЫРГЫЗ ТИЛИН КОММУНИКАТИВДИК БАГЫТТА ОКУТУУ БОЮНЧА КӨЗ КАРАШЫ
# ВЗГЛЯДЫ ПРОФЕССОРА Ж. А. ЧЫМАНОВА НА ОБУЧЕНИЕ КЫРГЫЗСКОМУ ЯЗЫКУ В КОММУНИКАТИВНОМ НАПРАВЛЕНИИ
# PROFESSOR J. A. CHYMANOV'S VIEWS ON TEACHING THE KYRGYZ LANGUAGE THROUGH A COMMUNICATIVE APPROACH

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада профессор Ж. А. Чымановдун кыргыз тилин эне тил катары коммуникативдик багытта окутуу боюнча тутунган илимий-педагогикалык көз карашы, аталган багытка кошкон илимий жана илимий-теориялык салымы тууралуу маалыматтар берилет. Ошондой эле тилди окутуу жана үйрөтүү инсанга негизделип, кыргыз улутуна, анын бай маданиятына, нарк-насилине, үрп-адат, каада-салтына, көөнөргүс көркөм адабиятына тыгыз байланышта жүргүзүлүп, сүйлөөгө жана сүйлөшүүгө үйрөтүү аркылуу гана өз өтөөсүнө жетери тууралуу концепциясы каралат.

**Аннотация:** В статье представлены научно-педагогические взгляды профессора Ж. А. Чыманова на коммуникативное обучение кыргызскому языку как родному, а также его научный и научно-теоретический вклад в данное направление. Рассматривается его концепция о том, что обучение языку достигает своей эффективности только при антропоцентрическом подходе, когда обучение речи и коммуникации тесно связано с кыргызским народом, его богатой культурой, нравственными ценностями, обычаями и традициями, выдающейся художественной литературой.

**Abstract:** This article examines Professor J. A. Chymanov's scholarly and pedagogical perspectives on communicative language teaching of Kyrgyz as a native language, and his scientific and theoretical contributions to this field. The study explores his concept that language instruction achieves effectiveness only through an anthropocentric approach—when teaching speaking and communication skills is intrinsically connected with the Kyrgyz people, their rich culture, moral values and ethics, customs and traditions, and distinguished literary heritage.

**Негизги сөздөр:** тилди коммуникативдик багытта окутуу; илимий-педагогикалык көз караш; илимий-теориялык салым; кыргыз тилин эне тил катары окутуу; тилди инсанга негиздеп үйрөтүү; сүйлөөгө жана сүйлөшүүгө үйрөтүү; кыргыз тили сабагы; этнопедагогика.

**Ключевые слова:** коммуникативное обучение языку; научно-педагогические взгляды; научно-теоретический вклад; обучение кыргызскому языку как родному; антропоцентрический подход к обучению языку; обучение речи и коммуникации; урок кыргызского языка; этнопедагогика.

**Keywords:** communicative language teaching; scholarly and pedagogical views; scientific and theoretical contribution; teaching Kyrgyz as a native language; anthropocentric approach to language instruction; teaching speaking and communication skills; Kyrgyz language lessons; ethnopedagogy.

Мыкты окумуштуунун өзү багыт алган илим тармагына кошкон салымы, тутунган позициясы, жаңыча көз карашы, ишеними, ынанымы болот. Дал ошондой окумуштуулардын бири – чыгаан

окумуштуу, педагогика илимдеринин доктору, профессор Жеңишбек Арыпович Чыманов. Бул чакан макалада кыргыз тилин окутуу педагогикасына чоң эмгек сиңирген таланттуу окумуштуу, профессор Ж. А. Чымановдун кыргыз тилин эне тил катары коммуникативдик багытта (сүйлөшө билүүгө үйрөтүү багытында) окутуу боюнча тутунган илимий-педагогикалык көз карашы, аталган багытка кошкон илимий жана илимий-теориялык салымы тууралуу азын-оолак сөз кылабыз.

Профессор Ж. А. Чымановдун көз карашы боюнча, орто мектептерде кыргыз тилин эне тил катары коммуникативдик багытта окутуу – кыргыз тилин окутуу педагогикасы болочокто чече турган, системалуу, комплекстүү иш-аракеттерди талап кылган педагогикалык, дидактикалык татаал маселе. Аталган маселени ишке ашыруунун жолун көрсөтүү максатында ал дүйнөлүк деңгээлде жана кыргыз педагогикасында буга чейин жарык көргөн илимий, илимий-теориялык, илимий-педагогикалык эмгектердин негизинде жана өзүнүн 45 жылдан ашык педагогикалык бай тажрыйбасына таянып, эң алгач тилди окутуунун методологиялык негиздерин аныктоо зарыл экенин илимий эмгектеринде туура белгилеген. Кыргыз тилин коммуникативдик багытта эмнеден баштап, кантип майнаптуу, натыйжалуу окутуу керектигин аныктоо тилди окутуу ишинде, чындыгында эле, өтө маанилүү методологиялык маселе болуп саналат. Окумуштуулардын арасында бул маселени жүзөгө ашыруу боюнча илимий-теориялык, илимий-педагогикалык көз караштар, мамилелер, принциптер ар түрдүү. Профессор Ж. А. Чыманов аталган маселеге кандай көз карашты тутунат? Кыргыз тилин эне тил катары коммуникативдик багытта окутуунун табиятын, жол-жобосун ал кандай элестетет? Бизди кызыктырганы – ушул маселелер.

Биринчиден, аталган маселе боюнча профессор Ж. А. Чыманов тарабынан «коммуникативдик багытта тилди окутуу инсанга негизделип жүргүзүлүшү керек» деген көз караштын сунушталышы ар тараптан колдоого аларлык туура көз караш, туура методологиялык багыт болуп эсептелет. «Кыргыз тилин окутуунун методологиялык негиздерин аныктоодо «өспүрүм – тил – ишеним» түшүнүк-категорияларынын бирдиктүү каралышы зарыл», – деген [1, 16-б.] анын ою тилди окутуу өспүрүмгө, анын ишенимине, инсандык жетилүүсүнө, адамдык парасатына байланыштуу ишке ашышы керек деген ойду туюндурат. Мектепте кандай гана предметти окутпайлы, анын борборунда бала, окуучу, инсан турат [2, 10-б.]. Ал эми баланын тилдик туюму курчуп, сүйлөшүү маданиятына ээ болуп, ар тараптан жетилиши, өнүгүүсү – андан соң ишке ашырылуучу көрүнүш. Бул өңүттөн караганда, тилди коммуникативдик багытта окутуу, үйрөтүү инсанга негизделип жүргүзүлгөндө гана өз өтөөсүнө жетет.

Экинчиден, сүйлөшүү маселеси тутумуна дагы көп маселелерди тутумдап турган чулу касиетке ээ болгондуктан [3, 46-б.], кыргыз тилин эне тил катары коммуникативдик багытта окутууда кыргыз эли кылымдар бою негиздеп келген улуттук каада-салт, үрп-адат, нарк, улуттук маданият, улуттук дидактика, элдик педагогика, элдик тил илими (этнолингвистика), элдик этика, эстетика, этнопсихология, улуттук баалуулуктар сыяктуу маселелер, ошондой эле көп кылымдар бою топтолгон бай руханий тажрыйбалар, табылгалар эриш-аркак, бирдиктүү тутум катары колдонулушу зарыл [4, 19–25-бб.]. Маселенин бул багыты боюнча да профессор Ж. А. Чымановдун көз карашы орундуу жана актуалдуу. Ал аталган багытта өзүнүн көз карашын мындайча белгилейт: «...кыргыз тилин окутуунун дидактикалык методологиялык негизин иштеп чыгууда илимий педагогика, элдик педагогика жана элдик тил илими интеграцияланышы, алардын жол-жоболору менен социалдык суроо-талаптар, баланын кызыгуусу ж.б. айкалышта колдонулушу зарыл» [1, 17-б.]. Албетте, профессор Ж. А. Чыманов айткандай, кыргыз тилин окутуу кыргыз улутуна, анын руханий бай маданиятына, нарк-насилине, үрп-адат, каада-салтына, көөнөргүс көркөм адабиятына, элдик оозеки чыгармаларына тыгыз байланышкан этнопедагогикалык маселелер менен коштолуп окутулса, азыркы мезгилде орто мектептерде тилдик каражаттарды, теориялык грамматиканы гана кургак окутуу менен чектелген, тажатма, майнапсыз кыргыз тили сабагын мазмундук жаңы баскычка, сапаттык жаңы деңгээлге көтөрөт эле деп ойлойбуз. Бул маселенин төркүнүн тереңирээк аңтара караганда, түпкү негизинде орто мектептерде окутулуп жаткан кыргыз тили сабагы кыргыз эли тарабынан байыртадан бери түзүлүп, түптөлүп, ар тараптан өнүктүрүлүп келген сүйлөө өнөрүн, сүйлөшүү маданиятын, бул маселеге байланыштуу бай тажрыйбаларды, илим-билимди, калыптанган салт-жөрөлгөлөрдү окуучуларга үйрөтүшү керек эле.

Кыргыз тили сабагынын максаты да, түпкү маңызы да шарт-кырдаалга байланыштуу ийкемдүү сүйлөөгө, маданияттуу сүйлөшүүгө окуучунун курак өзгөчөлүгүнө жараша үйрөтүү болуш керек эле. Тилекке каршы, бүгүнкү күндө өтүлүп жаткан кыргыз тили сабагы өзүнүн негизги максатын (баланы маданияттуу сүйлөшүүгө үйрөтүү максатын) ишке ашыра албай келе жатат.

Кыргыз тил илиминде сүйлөөнүн, сүйлөшүүнүн, маданияттуу сүйлөшүүнүн илимий-теориялык негиздери, түшүнүк-категориялары, жол-жоболору, сүйлөшүүнүн ишке ашуу, уюшулуу механизмдери, мыйзам ченемдери боюнча буга чейин жүргүзүлгөн илимий-теориялык, илимий-практикалык изилдөөлөр тууралуу орто мектептин кыргыз тили сабагында маалыматтар берилбей келүүдө. Сүйлөшүү маданиятынын маселелери, тексттин коммуникативдик структурасы (академик С. Ж. Мусаев), тексттин лингвистикалык структурасы, көркөм тексттин табияты (профессор С. Өмүралиева), көркөм тексттин лингвостилистикалык табияты, поэтикасы (профессор Б. Ш. Усубалиев), сүйлөшүүнүн табияты, сүйлөшүүнү ишке ашырган тексттин уюшулуу механизмдери, мыйзам ченемдери, тексттин стилдик структурасы, көркөм тексттин коммуникативдик, лингвоэстетикалык, лингвопоэтикалык табияты (профессор Т. С. Маразыков), тилдин стилдик структурасы, сүйлөөнүн стили (профессор Т. Аширбаев), тексттин лингвопоэтикалык табияты (профессор А. И. Абдыкеримова), макал текстинин лингвистикалык, коммуникативдик табияты (профессор А. Т. Дунканаев), сүйлөөнүн табият-белгилери (доцент С. А. Давлетов), сүйлөшүү маданиятынын илимий-теориялык маселелери (доцент Т. Үмөталиева) ж.б. боюнча буга чейин изилденген, кыргыз тилин коммуникативдик багытта майнаптуу окутууга жарактуу уникалдуу илимий материалдар, табылгалар жана тажрыйбалар өндүрүшкө киргизилбей, тактап айтканда, кыргыз тили сабагынын окуу программаларына, окуу стандарттарына, окуу китептерине киргизилбей келүүдө. Натыйжада, кыргыздардын сүйлөө өнөрү, сүйлөшүү маданияты орто мектептин кыргыз тили сабагында окутулбай келе жатат. Мына ушундай шартта профессор Ж. А. Чымановдун орто мектептерде кыргыз тили сабагында сүйлөшүүнү окутуу зарыл деген ойлорун биздеги тилди окутуу багытын кескин өзгөртүүгө багытталган кадам катары кабыл алсак болот. Ал сүйлөшүүнү улуттун маданиятына, каада-салтына, тарыхына, этнопедагогикасына ж.б. жагдайларга байланыштуу көп багыттуу үйрөтүү керек деген көз карашты тутунат. Анын бул идеялары, көз караштары болочокто кыргыз тили сабагынын максатын да, мазмунун да, негизги багытын да өзгөртүүгө, сапатын жогорулатууга өбөлгө боло турган методологиялык маани-маңызга ээ деп эсептейбиз.

Үчүнчүдөн, кыргыз тилин окутуу сүйлөөнү, сүйлөшүүнү үйрөтүүдөн башталышы керек деген профессор Ж. А. Чымановдун көз карашы жаш муундарга сүйлөшүүнүн табиятын, андагы өзөктүү, негизги маселелерди таанып-билүүгө багытталган, кыргыз эли тарабынан байыртадан бери негизделип келген уңгу жолго кайра кайтуу идеясын билдирет. Анын: «...эне тилин окутуу сүйлөшүүнү, сүйлөшүүнүн маданиятын жогорулатуудан, өркүндөтүүдөн башталып, түпкү максат окуучулардын өз эне тилинде адабий тил нормаларына ылайык туура сүйлөп, туура, сабаттуу жазууга, мезгил талабына шайкеш ар бир инсандын өз ишмердигинде тилди жогорку деңгээлде колдоно алуусуна жетишүү болуп саналат. Ал эми тилдин түзүлүшү (тыбыш, сөз, сүйлөм) аталган максатка жетүүнүн, жеткирүүнүн каражаты катары кызмат кылуусу кажет», – деген ойлору кыргыз тилин эне тил катары окутуу коммуникативдик багытта ишке ашырылышы зарыл деген көз карашты билдирет. Илимий-теориялык өңүттөн алып караганда, тилди коммуникативдик багытта (сүйлөшө билүүгө үйрөтүү багытында) окутуу, үйрөтүү эң алгач информацияны угуу, уга билүү (жазууда окуу), кабыл алуу маселесинен башталат [5, 102-б.; 6, 77-б.]. Аталган илимий проблеманын чыныгы өзөгүн профессор Ж. А. Чыманов туура түшүнөт. Ошондуктан ал: «...Эне тилин окутууда, анын методикасын иштеп чыгууда окуучулардын угуу ишмердигине көңүл буруп, аны жакшыртуу, өркүндөтүү тууралуу кеп кылууга мезгил жетти», – деп [1, 22-б.] тилчи-методисттердин кулагына алтын сырга кылып, оюн ортого салып турушу да тегин эмес.

Тилди коммуникативдик багытта окутуу, үйрөтүү полифункционалдуу, көп багыттуу табият-өзгөчөлүктөргө ээ [4, 36–40-бб.]. Ушуга байланыштуу профессор Ж. А. Чымановдун тилди окутуу, үйрөтүү элдик педагогикага, элдик тил илимине (этнолингвистика маселелерине), тилдин этикалык,

этнопсихологиялык, эстетикалык кызматына, тил аркылуу тарбиялоо, өнүктүрүү маселелерине байланыштуу ишке ашырылышы зарыл деген [1, 34-б.] көз карашы илимий-теориялык жактан да, илимий-педагогикалык, дидактикалык жактан да орундуу жана учур талабына туура келет. Чындыгында эле, сүйлөшүү процессинде адамдын илим-билими, таалим-тарбиясы, дүйнөгө көз карашы, ички маданий, рухий мүмкүнчүлүктөрү, Мекенге, коомго, жашоого, башка адамдарга жана өзүнө карата болгон мамилеси, умтулуулары, кызыкчылыктары, дүйнөнү таанып-билүү жөндөмү, ой жүгүртүү деңгээли, моралдык-психологиялык абалы, адамдык парасаты, акыл көрөңгөсү сыяктуу адамга тиешелүү бүтүндөй сапат-белгилер камтылган болот. Мына ошондуктан, профессор Ж. А. Чыманов баса белгилегендей, орто мектептерде сүйлөшүү процессин көп багыттуу, ар тараптуу окутуу, үйрөтүү илимий-теориялык, илимий-практикалык жактан туура болуп саналат. Тактап айтканда, кыргыз тилин эне тил катары коммуникативдик багытта окутуу жогорудагы маселелерди ичине камтыган полифункционалдуу табиятка ээ болгондо гана максатына жетет. Булактын көзүн ачкан сыяктуу, кыргыз тилин коммуникативдик багытта окутуу маселесинин негизги, өзөктүү жагдайларын терең иликтеп, аталган багытта атайын илимий иш жазып, окумуштуулардын кийинки муунуна багыт көрсөтүүсү профессор Ж. А. Чымановдун бул маселенин чечилишине кошкон чоң илимий салымы катары каралышы зарыл.

Ырас, бир макаланын көлөмүндө көп багыттуу билимге ээ, таланттуу окумуштуу, тажрыйбалуу окутуучу-практик, дасыккан педагог, таасирдүү тарбиячы-психолог, педагогика илимдеринин доктору, профессор Ж. А. Чымановдун орто мектептерде кыргыз тилин эне тил катары коммуникативдик багытта окутуу боюнча жаңы багыттагы илимий-педагогикалык көз караштарын, концепциясын толук иликтеп, анализдеп берүү мүмкүн эмес. Биз бул чакан макалабызда профессор Ж. А. Чымановдун кыргыз тилин коммуникативдик багытта окутуу боюнча илимий көз караштарынын, концепцияларынын айрымдарын гана азын-оолак сөз кылууга аракет жасадык. Биздин оюбузча, профессор Ж. А. Чыманов сунуш кылган кыргыз тилин жаңы багытта, коммуникативдик негизде окутуу боюнча конструктивдүү, корутунду-тыянак ойлор, жаңы көз караштар жөнүндө болочокто дагы сөз болот. Ал окумуштуу катары аталган маселе боюнча илимий коомчулукка мезгил талабына ылайык жаңы, келечектүү, пайдалуу жана актуалдуу идеяларды сунуштай алды. Алар тууралуу болочокто дагы кеңири сөз болуп, атайын изилдөө иштери жүргүзүлөрү шексиз. Эмки кадам – профессор Ж. А. Чыманов тарабынан тилди коммуникативдик багытта окутуу боюнча сунуш кылынган, жогоруда азын-оолак сөз болгон олуттуу идеяларды, концепцияны иш жүзүнө ашыруу болуп саналат деп үмүттөнөбүз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Чыманов, Ж. А. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. — Б.: Турар, 2009. — 488 б.
2. Бекбоев, И. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. — Б.: Педагогика, 2003. — 230 б.
3. Мусаев, С. Ж. Кеп маданиятынын маселелери. — Б., 1993.
4. Маразыков, Т. С. Текст: маалымат алмашуунун негиздери. — 1-китеп. — Б., 2014. — 111 б.
5. Колшанский, Г. В. Коммуникативная функция и структура языка. — М., 1984.
6. Дридзе, Т. М., Ренчье, В. Э. Психология общения: учеб. пособие. — Рига, 1979.


**Рецензент: филология илимдеринин доктору, доцент Абдразакова Г. Ш.**